УДК 53:531

*Кылычова Нурия Эсеналиевна, улук окутуучу,*
*Айтназарова Анаркан Мамазаитовна, окутуучу*
*Ош технологиялык университети*

# КЕСИПТИК ОРТО ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА СТУДЕНТТЕРДИ ПРЕДМЕТКЕ МОТИВАЦИЯЛОО ЖОЛДОРУ

# ПУТИ МОТИВАЦИИ СТУДЕНТОВ К ОБУЧЕНИЮ В СРЕДНИХ ПРОФЕССИОНАЛЬНЫХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯ

# MOTIVATION WAYS OF STUDENTS OF AN AVERAGE EDUCATIONAL INSTITUTION FOR TRAINING

***Аннотация:*** *Макалада окуутуу процессинде студенттерде окууга болгон мотивацияны калыптандыруунун жолдору көрсөтүлдү*

***Аннотация:*** *В данной статье указаны пути формирования мотивации к обучению у студентов средного профессионального учебного заведения.*

***Abstract:*** *The ways of motivation of students in the process of training are considered.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Студенттерди мотивациялоо, кесиптик окуу жай, келечек кесиби, окуу ишмердүүлүгү, ички жана сырткы мотивдер*

***Ключевые слова:*** *мотивация студентов, профессиональных учебных учреждений, будущей профессии, учебной деятельности, внешние и внутренние мотивы*

***Key words:*** *motivation of students, professional educational institutions, future profession, educational activity, external and internal motives.*

Окутуу процессинде студенттерде предметке болгон кызыгуу мотивин жаратуу жана аны окутуу куралы катары пайдалануу окутуунун сапатын жана эффективдүүлүгүн жогорулатат. Студенттердин материалдарды өздөштүрүүсүн жакшыртууга, терең өздөштүрүүгө, практикалык колдонулуштарын жана илимий негиздерин ачып берүүгө түрткү берет. Ошол эле учурда студенттердин жеке кызыгууларын, умтулууларын жана изденүүлөрүн жаратып, өз алдынча ой жүгүртүүлөрүн жана өз алдынча иштөөлөрүн өрчүтөт, өз учурунда билим алуунун параметрлеринин аздыр-көптүр өзгөрүшүнө байланыштуу байкоолорду, анализдерди жүргүзүүгө жетишишет. Демек, предметке болгон кызыгуу шыгынын жаралышы - окуу процессиндеги материалды өздөштүрүүнүн кыймылдаткыч күчү [3].

Кесиптик окуу жайлардын негизги милдети студенттердин жөн гана диплом алуусуна эмес, бекем, туруктуу билим менен бышыкталган диплом алуусуна негиз боло тургандай окууга болгон кызыгууну жаратуу болуп саналат. Болочок адистерде таанып билгичтиктерин калыптандыруу зарылдыгы окутуунун жаңы усулдары менен формаларын иштеп чыгууну, азыркы талаптарга адекваттуу окуу процессин уюштуруу технологияларын издөөнү талап кылат.

Бүгүнкү күндө компьютердик технологиялардын, интернеттин заманы өнүккөн мезгили болсо да студенттердин кээ бир «өздөштүрүүгө татаал, оор» деп эсептелген предметтерге болгон кызыгуусу төмөндөп барууда. Менин оюм боюнча, кесибине берилген ар бир мугалим “Эмне үчүн студенттер окугусу келбейт? Канткенде студенттерди предметке кызыктырууга болот?” деген суроону өзүнө берип көрсө керек. Студенттерди окууга кызыктыруу үчүн мугалим түрдүү амалдарды пайдаланары бышык. Төмөндө студенттердин окууга болгон кызыгуусун жаратуунун айрым жолдорун карап көрөлү.

Бул суроонун жообу ар түрдүү болушу мүмкүн: студент мүмкүн психологиялык жактан адаптация боло албай жатса, тандап алган кесибине өзү канааттанбаса, же предмет кызыктырбаса ж.б. Булардын баарын бириктирип студенттин окууга болгон, адистикке болгон берилгендигин коомдо билим жана тарбия берүү чөйрөсү, тактап айтканда, мугалим гана өзүнүн адискөйлүгү, жеке параметрлери аркылуу көбүрөөк таасир кыла алгандай көрүнөт.

Студенттин өзүндө гана окууга болгон мотив ойгонгондо бул кесиптин адиси болушундагы жоопкерчиликти сезе баштайт. Окууга кызыктыруу мотивин жаратуу өтө эле жөнөкөй процесс эмес [2].

Студенттердин окууга болгон кызыгууларын, б.а., мотивин жаратуунун түрдүү факторлору бар.

Окутуу процессиндеги түйүндүү фигура окутуучу болуп саналат, ал окуу маалыматынын тикеден-тике булагынын ролун аткарат. Ошондуктан студенттердин окууга болгон кызыгуусун арттырууда мугалим өзгөчө таасир бере алат. Мугалимдин таасир берүү фактору төмөндөгүлөрдү өз ичине камтыйт:

- *Биринчи фактор инсандык мамилелешүү фактору. О*кутуучу менен студент пикирлештер болуусу абзел. Адамдык баарлашуу байланыш түзүүдөн башталат. Мындай шарттарда комплекстер, ички чыңалуулар жоюлат, эркиндик жана өз ара түшүнүшүү келет. Окутуучу ар бир жеке студенттин индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн, анын темпераментин, окуунун максаты менен милдеттерин эске алууга тийиш жана студенттин эркин ойлонуу жөндөмдүүлүгүнө түрткү болуусу керек. Ал студентте анын өз алдынча билим алуусуна көмөктөшүүчү инсандык касиеттер менен сапаттарды өнүктүрө алган устаты боло алуусу керек. Окутуудагы инсанга багытталган мамиле ар кандай психологиялык тоскоолдуктарды жоюуга көмөктөшөт.

- *Студентке баа эмес, жыйынтыкка жетишүүгө умтулуу стимулун берүү фактору.* Мугалимдин иш тажрыйбасындагы кээ бир учурларды баяндоо, мисалы, техникалык коопсуздук эрежеси менен байланышкан лабораториялардагы жүргөн окуяларды айтып берүү теориялык материалга караганда студенттердин эсинде көбүрөөк калат.

- *Мугалимдин жеке сапаттары* да студенттин предметке болгон кызыгуусунун артылуусуна себепкер боло алат. Мугалимдин студентке болгон сыйлоо мамилеси: студент кандай гана болбосун мугалимден өзүнө тиешелүү мамилени күтөт. Студенттер өз ишин так жоопкерчилик менен аткарган, текшерүү иштерин, өз алдынча жана практикалык аткаруу иштерин өз убагында текшерип жыйынтык чыгарган мугалимдерди баалашат. Аларды алдабоо, берген убадасын аткаруу, токтоо, уккулуктуу тон менен сүйлөө, интонацияны туура пайдалануу мугалимге, ошол эле учурда ал берген предметке болгон сыйды алып берери бышык.

*Тайпалык бирге аракеттенүү*. Мында баарлашуу аркылуу ар бир студенттин индивидуалдуулугу ачылат. Инсан аралык бирге аракеттенүүлөрдү үч багытта кароого болот: окутуучу менен студенттин баарлашуусу, окутуучу менен бүткүл тайпанын баарлашуусу, студенттердин ич ара баарлашуусу. Коюлган суроолордун, проблемалардын, дискуссия, талаш-тартыштардын жаралышын биргеликте чечүү - окуу процессин уюштуруунун гана усулу болбостон, мугалим менен студенттин өз ара мамилесинин калыптанышына өбөлгө түзөт.

*Мактоо, жетишкендиктерин демонстрациялоо.* Көпчүлүктүн алдында жасаган иштерин, жетишкендиктерин мактап көрсөтүү студенттин ички бийик мотивдерин ойготуп, дагы ушундай жыйынтыкка жетишүүсүнө умтултат.

*Кесипке, адистикке багыттоочулук фактору*. Окуу процессинин эффективдүүлүгү студенттерди келечектеги ээ болуучу кесибине кызыктыруу мотивациясынын канчалык бийик деңгээлде берилүүсүнөн да көз каранды. Студентте келечектеги кесибине өтө берилгендик болбосо да, туруктуу мотивдештирүү системасын калыптандыруунун натыйжасында, келечектеги кесип ээсинин кесипкөй адис болуп калыптанышына көмөк көрсөтүүгө болот. Мугалим студенттин болочок адистиги боюнча баарлашып, адистик тандоосун колдоп, ал кесиптин компетенттүүлүгүн көрсөтө алган мисалдар менен окутуп жаткан предметинин келечектеги кесибинде сөзсүз пайдалуу экендигин далилдеп берүүгө жөндөмдүү болушу шарт. Бул шарт мугалим студенттер окуп жаткан түрдүү кесипке сый мамиле жасоосу абзел экендигин далилдейт.

Студенттердин окууга болгон мотивациясын жогорулатуунун дагы бир жолу *баалоонун модулдук системасын киргизүү* болуп саналат.

Берилген окуу мезгили ичинде өздөрүнүн иш-аракеттеринин, билимдеринин бааланып барышын билдирүү аркылуу мотив берүү. Мисалы, окуу мөөнөтүнүн башталышында эле студенттердин жакшы балл топтоо жана жоготуу мүмкүнчүлүктөрүн (сабакты калтырбоо, аудиториялык, практикалык, өз алдынча иштерди өз убагында аткаруу, конференцияларга доклад жасоо ж.б.) билдирүү зарыл. Бул учурда студент экзамендин жыйынтыгы конкреттүү баллдан көз каранды экендигин сезип, окуу процессине чоң жоопкерчилик менен мамиле кыла баштайт.

Мына ушинтип, студенттерди окууга кызыктыруунун жолдорунун көп экендиги жана ар түрдүү жолду пайдалануу мугалимдин чеберчилигинен көз каранды болуп, билимге сугарылган, коомго пайда алып келе тургандай чыныгы адистин чыгышы мугалимден түздөн - түз көз каранды экендиги келип чыгат.

***Адабияттар:***


1. Орехов.В.П. Методика преподавания физики [Текст] /В.П. Орехов // - *М.: Просвещения, 1980. - б.128*
2. Божович Л. И. Изучение мотивации поведения детей и подростков Под ред. Л. И. Божович и Л. В. Благонадежной. // - М., 1972. – б.160.
3. Асеев В. Г. Мотивация поведения и формирования личности [Текст] В.Г. Асеев // — М., 1976. – б.56
4. Разумовский, В.Г, Бугаев А.И. Основы методики преп. физики в средней школе [Текст] /В.Г.Разумовский // - М.: Просвещение,1984. 44-51-бет.
5. Маркова А. К. Формирование интереса к учению у учащихся. [Текст] А.К. Маркова // 2000. –б.120
6. Хекхаузен Х. Мотивация и деятельность. Т.1[Текст] Х. Хекхаузен: Пер. с нем. // — М., 1986